КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

80 ЖЫЛ

ДАНК

# Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү КОНЦЕПЦИЯСЫ

100%

ТОП -700

ОшМУну КЛАССИКАЛЫК университеттен-

ИННОВАЦИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЧҮ университетке айландыруу!

Ош-2019

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү

# К О Н Ц Е П Ц И Я С Ы

## ОшМУну КЛАССИКАЛЫК университеттен - ИННОВАЦИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЧҮ университетке айландыруу!

**Ош – 2019**

ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2019-жылдын 4-февралында №4 жыйынында кабыл алынган жана ОшМУнун ректорунун 2019-жылдын 08.02.2019 №97 - буйругу менен бекитилген.

Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясы. – Ош: ОшМУ. Билим, 2019. – 52 б.

Программада Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясы берилген: окутуу процессин уюштуруу, аны нормативдик-укуктук жана методикалык документтер менен камсыздоо; илимий жана инновациялык изденүүлөрдү бекемдөө; ОшМУнун билим берүү багыттарын жана программаларын эл аралык аккредитациядан өткөрүү; материалдык-техникалык базасын, билим берүү инфраструктурасын чыңдоо; адептик жана адамгерчилик тарбияны күчөтүү, студенттердин ар тараптуу жөндөмүн ачып, реализациялоо иштери; иш берүүчүлөр менен байланышты күчөтүү; бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу; профориентациялык иштер; ОшМУну санариптик каражаттар менен камсыздоо; университеттин коомго ак кызмат кылуу багытындагы иш-чараларынын комплекстүү иш планы каралган.

© Ош мамлекеттик университети, 2019



## МАЗМУНУ

1. **КИРИШҮҮ**........4
2. **ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫНА САРЕСЕП**........5
3. **УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ**........12
4. **2019-2024-ЖЫЛДАРДА УНИВЕРСИТЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТТАР ЖАНА МАКСАТТАР**........13
   I. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Окуу процессиндеги, билим берүүдөгү инновациялар........16
   II. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Классикалык университеттен - улуттук Изилдөөчү университетке трансформациялоо........26
   III. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Натыйжалуу башкаруу жана кадрдык потенциялды өнүктүрүү........32
   IV. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – ОшМУну эл аралык билим берүүнүн жана илимдин борборуна айландыруу........35
   V. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Билим берүү жана илим инфраструктурасын өнүктүрүү........36
   VI. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Санариптик билим берүү чөйрөсүн түзүү........38
   VII. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Адамгерчилик жана руханий тарбия, ден соолук жана спорт........43
5. **КОНЦЕПЦИЯНЫ ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ КҮТҮЛҮҮЧҮ ТОБОКЕЛЧИЛИКТЕР, ТОСКООЛДУКТАР ЖАНА АЛАРДЫ АЗАЙТУУНУН ЖОЛДОРУ**........47

## КИРИШҮҮ

Бүгүнкү күндө билим берүү системасы өлкөбүздүн башка тармактары сыяктуу өткөөл мезгилди, калыптанууну, жаңылануну, өнүгүүнү башынан кечирүүдө. Дүйнөдө саясий жана экономикалык "глобалдашуу" жараяны жүрүп жаткандыктан, санариптик технологиялардын болуп көрбөгөндөй тездик менен өнүгүп өсүшү, континенттер, мамлекеттер, улуттар жана маданияттар аралык чектерди жоюп, эл аралык рыноктун масштабын кеңейтүүдө. Андыктан учурдагы жогорку окуу жайлардын милдети - заман талабын канааттандырган, эл аралык жана маданияттар аралык компетенцияларга ээ болгон жогорку билимдүү, сапаттуу, адамгерчиликтүү адистерди даярдоо болуп саналат. Ушул тарыхый калыптануу ишине Ош мамлекеттик университети дагы омоктуу салым кошуп келе жатканы талашсыз. Буга "ОшМУну 2013-2018-жылдары стратегиялык өнүктүрүү: инновация, инвестиция жана интеграция" программасынын жана "Ош мамлекеттик университетинин ишмердүүлүгүн 2014-2018-жылдары модернизациялоо" программасынын негизинде университетте аткарылган иштер, жыйынтыктар далил боло алат.

**Учурдагы билим берүү чөйрөсүнө коюлган негизги талаптар төмөнкүлөр болуп саналат:**

➢ кызыкдар тараптар менен биргеликте рыноктун жана заманбап коомдун талаптарын, ошондой эле өлкөнү өнүктүрүүнүн келечегин эске алуу менен жогорку билим берүүнүн мазмунун кайра карап чыгуу иштин активдештирүү;

➢ бизнестин, өндүрүштүн, кадрларды даярдоого, билим берүү программаларын түзүүгө, ошондой эле "ЖОЖ-өндүрүш" системасын курууга түздөн-түз катышуу мүмкүнчүлүгүн жаратуу;

➢ алдыңкы илимий изилдөөлөрдүн негизинде түзүлгөн окутуу процессин уюштуруу;





➢ ЖОЖдордо креативдүү, виртуалдуу жана санариптик лабораторияларды, стартаптарды, илимий, инновациялык борборлорду түзүү;

➢ Жогорку билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, улуттук жогорку билим берүүнүн системасынын беделин арттыруу максатында дүйнөлүк алдыңкы рейтингдерге (Times Higher Education, Academic Ranking of World Universities, U.S.News, Шанхай рейтинги, QS) жана башка эл аралык, КМШ, Азиялык жана Европалык, улуттук изилдөө рейтингдерине активдүү катышуу ж.б.

Бүгүнкү күндө ОшМУнун алдында чоң милдеттер коюлуп, аны мындан ары өнүктүрүү маселелери турат. Ошондуктан «Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясы» Кыргыз Республикасынын Конституциясынын принциптерине жана идеяларына, "Билим берүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамына", "Кыргыз Республикасында Билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясына" (2012-жылдын 23-мартында КРнын Өкмөтүнүн № 201 токтому менен бекитилген), «Кыргыз Республикасында 2012-2020-жылдарда Билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегияларына», «2018-2040-жылдарыКыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясына» жана Ош мамлекеттик университетинин Уставына негизделип иштелип чыкты.

Ошондой эле бул концепцияны даярдоодо дүйнөлүк билим берүүдөгү тенденциялар, реформалар, тренддер, замандын чакырыктары, бүгүнкү жана келечектеги реалдуулуктар эске алынды.

## ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫНА САРЕСЕП

Ош мамлекеттик университети – Кыргызстандагы эң ири жана бай тарыхый тажрыйбасы бар ЖОЖдордун бири болуп эсептелет. Университеттин тарыхы Кыргыз ССР Эл комиссарлар Советинин 1939-жылдын 10-августундагы № 1142-токтомунун негизинде ачылган Ош мугалимдер институтунан башталат. 1951-жылы Ош мугалимдер институту - СССР

Министрлер Советинин № 1759-токтому менен Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна айландырылган. Ал эми Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 17-июнундагы № 202 - Указы менен Ош мамлекеттик педагогика институту - Ош мамлекеттик университети болуп кайрадан түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 30-августунда чыгарган Жарлыгына ылайык, Кыргызстандын социалдык-экономикалык, руханий жана интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүгө кошкон өзгөчө салымы үчүн – **Ош мамлекеттик университети "Даңк" ордени менен сыйланган.** Бул университеттин жалпы жамаатынын акыркы жылдардагы жаратмандык эмгегине, жаңы технологияларды жана инфраструктураны өркүндөтүүгө, билимдин сапатын көтөрүүгө, мыкты адистерди даярдоого кошкон салымы үчүн мамлекет тарабынан берилген татыктуу баа болду.

Азыркы күндө ОшМУда 2 институт, 19 факультет, 1 педагогикалык, психологиялык окуу-усулдук борбор, 4 орто кесиптик билим берүүчү колледж, 126 кафедра, 7 департамент, 1 башкармалык, 7 бөлүм, 6 гимназия, окуу борборлору, 30 окуу-усулдук, маданий-эстетикалык, ресурстук ж.б. борборлору, 10 жатакана, 2 медициналык клиника, 1 млн. нускадан ашуун китеп фонду бар китепканалары, окуу залдары иш алып барышат.

ОшМУнун жайгашкан жалпы аянты 50 гектарды түзөт.

Окутуучулук-профессордук курамдын (ОПК) 1750 мүчөсүнүн ичинен 70и илимдин доктору, профессорлор, 405и илимдин кандидаты, доценттер болуп саналат. КР УИАнын 1 академиги, КР УИАнын 2 мүчө-корреспонденти, 2 илим тармагы боюнча Мамлекеттик сыйлыктын лауреаттары, Кыргыз Республикасынын 2 Эл артисти, Инженердик академиянын 5 академиги жана 6 мүчө-корреспонденти, КРдин Билим берүүсүнө эмгек сиңирген 8 кызматкер, КРдин эмгек сиңирген 5 дарыгери, КРдин илимине эмгек сиңирген 3 ишмер,





КРдин маданиятына эмгек сиңирген 1 ишмер, КРдин эмгек сиңирген 2 машыктыруучусу эмгектенүүдө.

Көз карандысыз аккредитация процедурасына даярдануу жана рейтингдерге катышуу болуп, жалпысынан университет боюнча 36, EDNET 17, ААОПО 18, НААР 1 жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары аккредитациядан ийгиликтүү өттү. НААР агенттиги тарабынан ОшМУ институционалдык аккредитациядан Кыргызстанда биринчи болуп өттү.

2018-жылдын 18-майында Казакстандык эл аралык НААР агенттиги Кыргызстандык жогорку окуу жайлардын улуттук рейтингин чыгарды. ОшМУ 7 багыт боюнча 1-орунду (гуманитардык, социалдык, илимдер, педагогикалык билим берүү,саламаттыкты сактоо, экономика жана башкаруу, энергетика жана электротехника, эсептөө техникасы жана маалыматтык технологиялар) жана эки багыт боюнча 2-орунду (табигый илимдер, физика-математикалык илимдер жана фундаменталдык информатика) камсыздап, ОшМУ генералдык рейтингде 1-орунга ээ болду.

Синьцзян университети менен Кыргыз-Кытай факультети, билим экспортуна негизделген Эл аралык медицина факультети, Испаниянын Кадис университети менен биргеликте Кыргыз-Европа факультети ачылды. Заман талабына шайкеш адистерди даярдоону максат кылган IT академия, Киноакадемия ачылып, адистерди даярдоону баштады. Түркиянын Кастамону университети менен биргеликте Кыргыз-Түрк факультети ачылып, андагы окуган студенттерге кош диплом алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. 2018-жылы приоритет жакынкы чет өлкөлүк абитуриенттерди кабыл алууга берилип, жыйынтыгында алардын санын кескин түрдө өстүрүүгө мүмкүн болду. Жалпы студенттердин контингенти 32000 түздү.

2017-жылдын 12-декабрь күнү Кытайдын Сиань шаарында Дүйнөдөгү Конфуций институттарынын салтанаттуу жыйынында ОшМУнун билим берүүдөгү ийгиликтери эң

мыкты деп таанылып, Алтын медаль ыйгарылды. Ал эми ОшМУнун ректоруна Кытай өкмөтүнүн вице-премьери “Эң мыкты ректор” деген эл аралык сыйлык тапшырды.

Президент С.Ш. Жээнбеков тарабынан жарыяланган “Аймактарды өнүктүрүү жылынын” алкагында жер-жерлердеги билим берүүнүн сапатын көтөрүү жана абитуриенттердин контингентин өстүрүү үчүн Кара-Суу, Кара-Кулжа, Ноокат райондорунда ОшМУнун мектеп-гимназиялары ачылды.

Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын өндүрүшкө киргизүү жогорку окуу жайлардын стратегиялык багыттарынын бири болуп эсептелет. Бул багытта ОшМУда алгылыктуу иштер аткарылды. 2014-2018-жылдары КРдин Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан каржыланган илимий долбоордун жалпы суммасы 17740493 сомду түзгөн. 2012-2018-жылдары университетке түрдүү грант жана долбоорлор аркылуу инвестиция түрүндө 39 985 800 сом, 468 624 евро жана 1 554 357 $ тартылган, ошондой эле ОшМУнун балансына кайтарымсыз түрдө жалпы суммасы 131 248 759 сомдук эмерек, китеп ж.б. жабдуулар өткөрүлгөн.

Акыркы 5 жылда ОшМУнун окумуштуулары тарабынан 79 патент алынды. 2009-жылдан баштап «ОшМУнун жарчысы» журналы РИНЦке катталып, анын бардык номерлери http://elibrary.ru сайтына жайгаштырылды. Сайтка жайгаштырылган макалалардын саны 1532ге жетти.

Билим берүүдө жана илимий-изилдөө иштерин аткарууда 2019-2024-жылдары инвестицияларга басым жасалат. Билимди экспорттоо жолу менен университеттин экономикасын чыңдоо максаты коюлууда.

Жаңы моделдеги эл аралык факультеттер түзүлүп, дүйнөлүк мейкиндикке чыгуунун ишенимдүү таяныч аянтчасы пайда болду. Ушундай механизмдерди пайдалануу менен ОшМУнун эл аралык аренадагы таасирин жаңы баскычка көтөрүү маселеси турат.

Бүгүнкү күндө ОшМУ 33 алыскы чет өлкөлөрдөгү 196 университет менен мамилеси бар.ОшМУда алыскы жана





жакынкы чет өлкөлөрдөн Чехия, Испания, Түркия, Польша, Россия, Украина, Индия, Пакистан, Бангладеш, Судан, Кытай, Корея, Казахстан, Өзбекстан, Тажикистан ж.б. өлкөлөрдөн келип түрдүү адистиктерде 3514 студент окуп жатат.

Жыл сайын ОшМУнун 1500дөн ашуун студенттери академиялык мобилдүүлүккө Германия, Чехия, Испания, Италия, Түркия, Кытай, Япония, Корея, АКШ, Индия, Россия, Казахстан, Өзбекстан ж.б. өлкөлөрдүн алдыңкы университеттерине барып окуп келишүүдө.

Эл аралык мамилелерибиз артып, кошуна Фергана, Андижан, Наманган, Ходженттеги 7 университет менен байланыш бекемделди. Ал эми алыскы өлкөлөрдөн Чехиянын Плзень университети, Прагадагы Агрардык университет, Кытайдагы Цинхуа, Пекин Чет тилдер университети, Испаниянын Кадис, Германиянын Йена, Гумбольдт университеттери, Индия, Румыния, Хорватия, Корея, Япония, Малайзиянын университеттери, Туркиянын Ардахан, Кастамону университеттери, Россия, Казакстандын, Европанын университеттери менен өз ара кызматташуунун натыйжасында көптөгөн студенттерибиз, 300дөй окутуучуларыбыз сырткы мобилдүүлүктөн өтүп келишти.

Студенттердин ички мобилдүүлүгүн өнүктүргөн “Ош Декларациясынын” эстафетасы ийгиликтүү улантылды, III-отурум 2018-жылдын июнь айында Ош шаарында өткөрүлүп, ОшМУ “Ош декларациясы. 3 жылдын үзүрү” китебин тартуулады. Ички мобилдүүлүккө 1200дөн ашуун студент тартылды. Конок лекцияларды өткөрүүнү активдештирүү боюнча жыл ичинде университет боюнча 100дөн ашуун профессор, окумуштуулар конок лекцияларын өткөрүштү. Студенттердин академиялык мобилдүүлүк мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана ОшМУнун дипломдорунун чет өлкөлөрдө таанылышына өбөлгө түзүү максатында диплома-саплемент үлгүсү ишке киргизилди.

Пекинде жайгашкан Цинхуа университетинин жетекчилиги менен иштиктүү сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Университеттин жетекчилиги менен болгон жолугушууда студенттер, магистранттар, докторанттарды өз ара алмашууну андан ары күчөтүү жана бекемдөө перспективалары каралды.

**Алдыда жогорудагы байланыштарды мындан ары чыңдоо менен**

- Билим берүүнү интернационалдаштыруу,
- Көп тилдүү билим берүүнү өркүндөтүү;
- Дүйнөлүк мейкиндикке интеграциялануу процессин активдештирүү;
- Академиялык мобилдүүлүктүн 10+10+10+10=САПАТ интеграция программасын аягына чыгаруу;
- "Ош декларациясынын" чечимдерин ишке ашыруу;
- Фергана өрөөнүндөгү университеттер ассоциациясын жандандыруу милдеттери турат.
- Окуу жайдын инфраструктурасын модернизациялоого негизги көңүл бөлүнүп келүүдө. Бүгүнкү күнгө чейин ОшМУнун 23 окуу имараты, 10 студенттик жатакана, 2 медициналык клиника, 3 маданий борбор, студенттик профилактория, студенттик ФАП, спорт комплекстери, китепканалар жана окуу залдары, электрондук китепкана, лабораториялар, концерттик залдар модернизацияланды, капиталдык ремонттон өткөрүлүп, жаңы окуу эмеректер, мебелдер, китептер, компьютерлер ж.б. офистик техникалар алынып, окуу процессинде колдонулууда.
- 2018-жылдын 16-августунда искусство жана эл аралык мамилелер факультетинин жаңы заманбап окуу имаратынын ачылышында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбеков: "ОшМУ-Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн авангарды"-деп айтты.Искусство факультетинде өндүрүштүк цехтер, студиялар, чыгармачыл агенстволор иштей баштады.

**Келечекте:**

- Окуу жайдын инфраструктурасын мындан ары жакшыртуу,
- Лекциялык, виртуалдык, санариптик лабораторияларды жана компьютердик паркты заманбап окуу каражаттары менен жабдуу (проекторлор, интерактивдүү доскалар, 3D принтерлер, роутерлер ж.б.) маселелери каралат.
- ОшМУда булуттук технологияга негизделген DATACENTER иштеп жатат.





ОшМУда адамдык мамилелерди өркүндөтүү, студенттерге жана окутуучуларга камкордук көрүү, айлык акыны мезгил-мезгили менен жогорулатуу, адам потенциалын мотивациялоо багытында бир топ иштер аткарылды.

Көрүнүктүү окумуштуулардын, маданият жана искусство чеберлеринин чыгармачылык кечелери, алардын окуу китептеринин жана илимий монографияларынын бет ачар аземдери регулярдуу өткөрүлүп келүүдө.

Таланттуу студенттердин илимий жана маданий чыгармачылыгын колдоо максатында бир топ иш-чаралар жүргүзүлүүдө.

**Университеттин стратегиялык өнүгүү багыттарында:**

- Окуу жайдагы көрүнүктүү окутуучуларды жана студенттерди даңазалоо менен ОшМУнун академиялык беделин көтөрүү;
- Инсанга багытталган окутуу процессин ишке ашыруу аркылуу студент жаштарга улуттук таалим-тарбия берүү;
- Студенттердин руханий маданиятын жогорулатуу;
- Адам факторунун моралдык-укуктук принциптерин бүгүнкү күндүн талабына ылайык жүзөгө ашыруу маселелери турат.

ОшМУда эмгек акы сонку 7 жыл аралыгында 9 жолу жогорулатылды. Жамаат 2017-жылдын 1-декабрынан тартып буга чейинки кошулган стимулдардан сырткары негизги кызматтык окладына 30-40%га чейин кошулган эмгек акыларды ала баштады.

Мындан сырткары окутуучуларды жана студенттерди мотивдештирүүчү бир топ механизмдер иштелип чыккан.

Социалдык жардамга муктаж студенттерибизди колдоо үчүн социалдык пакетибиз 5 млн. сомго жакын көбөйдү.

Окутуучуларыбыздын 150гө жакыны арзан турак-жай менен камсыз болушту.

## 3. УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Университеттин миссиясы**

– Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо;

– билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялануу;

– жаштарда адептик, маданий жана илимий баалуулуктарды, улуттук, руханий маданиятты калыптандыруу;

– Мамлекеттин экономикалык, социалдык, маданий, саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, илимде жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо.

**Университеттин келечекке карай максаты** –ОшМУну классикалык университеттен - дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялоо.

**Стратегиялык максат** – Дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы университеттердин бирине айландыруу.

**Баалуулуктары:**

- АДАМ РЕСУРСУ – университеттин негизги байлыгы;
- АРДАГЕРЛЕРИБИЗ – университетибиздин куту.
- ОРТО МУУН – окуу жайыбыздын жүзү.
- ЖАШТАРЫБЫЗ – университетибиздин келечеги.
- СТУДЕНТТЕРИБИЗ – элибиздин эртеңи.
- Муундар ортосундагы байланышты бекем кармоо аркылуу.





- КЛАССИКАЛЫК БИЛИМ+ИЛИМ жана ИННОВАЦИЯ+РУХАНИЙ МАДАНИЯТТЫ айкалыштырган университетти өркүндөтүү!

**Университеттин ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери:**

- Башкаруунун философиясын өзгөртүү;
- Университеттин ишмердүүлүгүндөгү ачык-айкындуулук, демократиялуулук;
- Университетти башкарууга жамааттык катышуу;
- Социалдык жоопкерчилик;
- Жамааттагы ар бир адамга калыстык менен мамиле кылуу;
- Өз ара карым-катыш (тармактык, жамааттык карым-катыш);
- Ийкемдүү ыңгайлашуу;
- Бардык ишмердүүлүктө системалуу ой жүгүртүүнү калыптандыруу;
- Университеттин ишмердүүлүгүн гумандаштыруу;
- Жетекчилер жамаатка, окутуучулар студенттерге, кызматкерлер университетке ак дилден кызмат кылуусуна жетишүү.

## 6. 2019-2024-ЖЫЛДАРДА УНИВЕРСИТЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТТАР ЖАНА МАКСАТТАР

**Эскертүү! Бул стратегияда университетти өнүктүрүүнүн негизги багыттары аныкталды, ушул багыттардын негизинде ар бир проректор, декан, кафедра башчысы жана структуралар өздөрүнүн иш-планын түзөт. Милдеттерди чечүүнүн мөөнөттөрүн, механизмдерин, аткаруучу жооптуу адамдарды белгилешет.**

## СТРАТЕГИЯДА БЕРИЛГЕН КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

- ОИБП - Окуу иштери боюнча проректор;
- ИИБП - Илимий иштер боюнча проректор;

- ӨЭАББП - Өнүктүрүү жана эл аралык байланыштар боюнча проректору;
- СТИБП - Социалдык жана тарбия иштери боюнча проректору;
- МТБП - Мамлекеттик тил боюнча проректору;
- ЖТДББД - Жаңы технологиялар жана дистанттык билим берүү департаменти;
- СТӨБ – Санариптик технологияны өнүктүрүү борбору;
- MPhDДБ - Магистратура жана PhD докторантура бөлүмү;
- ОИД - Окуу - информациялык департаменти;
- КБ - Кадрлар башкармалыгы;
- ИАБ - Илим жана аспирантура бөлүмү;
- ЖОЖКББИБ - ЖОЖдон кийинки билим берүү институттары жана бөлүмдөр;
- ФД - Факультеттин декандары;
- АББСД - Аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаменти;
- ЭАББ - Эл аралык байланыштар бөлүмү;
- СБЖ - структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери;
- ИКИМЖ - илимий кластерлердин жана илимий мектептердин жетекчилери;
- БӨИ - Билимин өркүндөтүү институттары;
- ЭАББ - Эл аралык байланыштар бөлүмү;
- АЧД - Административдик - чарба департаменти;
- БК - Борбордук китепкана;
- БКД - Борбордук китепкананын директору;
- УНС - Университеттин негизги структуралары;
- ДТК - Дене тарбия кафедрасы;
- ПК - Пресс-катчы;
- ЖОП - Жумушчу окуу планы;
- УЧА - укуктук-ченемдик актылар;
- ИИИ - илимий изилдөө институттары;





- АБП - Административдик башкаруучулук персонал;
- ЖК - Жаштар комитети;
- САА - Студенттик акыйкатчы аппараты;
- ДОМК – Дисциплиналардын окуу-методикалык комплкси
- ПД – Практика департаменттери
- ИС – Информациялык системалар
- СТСО - Студенттик тартипти сактоо отряды

## I. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Окуу процессиндеги, билим берүүдөгү инновациялар

| Стратегия-лык максаттар | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооп-туулар |
|---|---|---|---|
| **1.ОшМУ-нун дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо** | 1.1 Дүйнөнүн алдыңкы ЖОЖдорунун программалары-нын үлгүсүндө жаңы, эксперименталдык билим берүү программаларын ишке ашыруу, эл аралык стандарттарга ылайык билим берүүнүн мазмунун жакшыртуу. | – Жаңыланган окуу пландары жана программалары;<br>– Жаңы дисциплиналардын тизмеси;<br>– Дисциплиналардын ОМКларындагы өз алдынча иштөөнүн сапатын жана үлүшүн көбөйтүү;<br>– Эксперименталдык долбоорлордун алкагында инновациялык методдорду жана технологияларды ишке ашыруу жана апробациялоо;<br>– Жаңы билим берүү программалары боюнча окутуу; | ОИБП.<br>ОИД.<br>ЖОЖК ББИБ.<br>ФД. |
| | 1.2 Эмгек рыногу-нун жана иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен бакалавриаттын, магистратуранын жана докторантуранын билим берүү программалары-нын мазмунун жакшыртуу | – Эмгек рыногунун жана иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен дисциплиналардын (иш берүүчүлөрдөн жазуу түрүндө оной-пикири бар болгон) каталогун түзүү;<br>– Зарыл болгон кесиптик компетенцияларды эске алуу менен дисциплиналардын мазмунун түзүү. | ОИБП.<br>ОИД.<br>ЖОЖК ББИБ. |
| | 1.3 Компетенттүү-лүк мамиленин | – Компетенциялардын иерархиясын түзүү жана | ОИБП.<br>ОИД. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | негизинде модулдук окутууну ишке ашыруу | анын негизинде программаларды/дисцип-линаларды иштеп чыгуу;<br>– Окуу пландары модулдардын жыйындысы катары иштеп чыгуу;<br>– Модулдардын негизинде жаңы ЖОП боюнча окутуу | ЖОЖК ББИБ. |
| | 1.4 Университет-теги окумуштуулар-дын илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын бакалавриат, магистратура жана докторантуралар дын билим берүү программалары-нын мазмунуна интеграциялоо | Дисциплиналардын мазмунун жаңылоо (ДОМК). | Ректор<br>ОИБП.<br>ИИБП.<br>ОИД.<br>ЖОЖК ББИБ. |
| | 1.5 Кош дипломдуу эл аралык биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу | Бакалавриатта – жылына 3 программадан кем эмес;<br>Магистратурада – жылына 3 программадан кем эмес;<br>Докторантурада – жылына 3 программадан кем эмес. | ОИБП.<br>ОИД.<br>ЖОЖК ББИБ. |
| | 1.6 Балакавриат жана магистратура билим берүү программаларын эл аралык аккредитациядан өткөрүү | 2024-жылга билим берүү программалардын 50% дан кем эмесин аккредитациялоо | ОИБП.<br>ОИД.<br>АББСД. |
| | 1.7 Бакалавриат, магистратура | Жаңы адистиктер, багыттар боюнча окутуу | ОИБП.<br>ОИД. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана докторантура боюнча жаңы адистиктерди, багыттарды ачуу | | ЖОЖК ББИБ. |
| | 1.8 Чет өлкөлүк тажрыйбаларды изилдөөнүн негизинде билим берүү жараянын окуу-методикалык жактан камсыздоо маселелери боюнча консультациялык-кеңешүүчү орган түзүү | Туруктуу иштөөчү консультациялык-кеңешүүчү орган | ОИБП. ОИД. АББСД. |
| | 1.9 Университетте ички укуктук-ченемдик актыларды жана билим берүү тармагындагы стандарттарды жаңылоо жана бекитүү | Ички укуктук-ченемдик актылар, стандарттар | ОИБП. ОИД. АББСД. |
| | 1.10 Жаңы муундагы окуулуктарды жана окуу-колдонмолорду иштеп чыгуу жана модернизациялоо | Жаңы окуулуктар жана окуу-колдонмолор | ОИБП. ОИД. |
| | 1.11 Иштелип чыккан электрондук окуу материалдардын сапатын жана | – Дистанттык билим берүү технологияларын окуу процессине активдүү колдонуу боюнча окуу семинарларды уюштуруу; | ЖТДББ Д. ОИД. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | аларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү | – Электрондук жана дистанттык билим берүү боюнча эл аралык конференция жана семинарларга катышуу;<br>– Электрондук окуулуктарды жана дистанттык курстарды иштеп чыгуу боюнча окуу семинарларын уюштуруу;<br>– Электрондук окуу материалдардын сапатын жана эффективдүүлүгүн баалоочу критерийлерди жана процедураларды иштеп чыгуу. | |
| | 1.12 Иштелип чыккан электрондук окуу материалдардын санын көбөйтүү. | Окуу процессинде жалпы көлөмдүн 45%дан кем эмес жаңы электрондук окуулуктарды колдонуу. | ОИБП. ОИД. |
| | 1.13 Университеттин автоматташтырылган информациялык системасын (AVN, ж.б.) окутуунун кредиттик технологиясына ылайык жакшыртуу. | Автоматташтырылган информациялык системанын (AVN, ж.б.) функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүү. | ОИБП. ОИД. |
| | 1.14 Дистанттык билим берүүнүн заманбап технологиялык жана методологиялык талаптарына жооп берген университеттин | Университеттин өздүк дистанттык билим берүү системасын ишке киргизүү. | ЖТДББ Д. ОИД. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | өздүк дистанттык билим берүү системасын иштеп чыгуу. | | |
| | 1.15 Жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк университеттер-дин студенттери үчүн өнөктөш университеттер-дин окутуучу-лары тарабынан иштелип чыгып, коштолуучу дистанттык курстардын санын көбөйтүү жана окуу процессине киргизүү. | Дистанттык билим берүү курстарынын үлүшү жалпы көлөмдөн 15%дан кем эмес. | ЖТДББД. ОИД. |
| | 1.16 Дистанттык окуу процессин ишке ашыруу үчүн аппараттык жана программалык камсыздоону жакшыртуу. | Дистанттык курстарды коштоо үчүн компьютердикжана программалык жабдылыштарды, тьютордук класстардын жабдууларын модернизациялоо. | ЖТДББД. ОИД. |
| | 1.17 Студенттер-дин республика-лык жана эл аралык академиялык мобилдүүлүгүн көбөйтүү | Бакалавриатта – 15%; Магистратурада – 20%; Докторантурада – 25%; | ОИБП. ОИД. ЭАББ. |
| | 1.18 Студенттер-дин, магистрант-тардын, докторанттардын | Алмашуу программалары боюнча сапарларга жыл сайын жөнөтүү | Ректор. ОИБП. ОИД. ЭАББ |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | алмашуу программаларын күчөтүү | | |
| | 1.19 Магистрату-ранын жана докторантуранын жаңы билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, окуу процесси жана илимдин интеграциясынын негизинде магистратура жана докторантуранын программалары-нын мазмунун жаңылоо жана жакшыртуу, эл аралык билим берүү кызмат көрсөтүү мейкиндигинде ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын атаандаштыгын жана дипломдорубузду таануусун камсыздоо. | – Дүйнөлүк илимдин өнүгүү тенденцияларын эске алган дисциплиналар аралык билим берүү программалар үчүн ЖОП.<br>– Өнөктөш ЖОЖдор менен кызматташтыкта билим берүү программаларын иштеп чыгуу.<br>– Англис тилдүү профессордук-окутуучулук курам, англис тилинде окутуулуучу магистратуранын жана докторантуранын билим берүү программалары үчүн ЖОП.<br>PhD докторантура боюнча Илимий Кеңештерди ачуу. | ОИБП. ОИД. MPhDДБ. ЖОЖКББИБ. |
| **2.ЖОЖ-дон кийинки билим берүүнүн** | 2.1 Магистрант-тарды жана докторанттарды кесиптик даярдоонун | – Эл аралык тажрыйбаларды эске алуу менен заманбап илимдин өнүгүү тенденцияларына жана билим берүү | ОИБП. ОИД. MPhDДБ. ЖОЖК |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **эки деңгээлдүү моделин эффектив-дүү өнүктүрүү: магистра-тура-докторанту ра** | илимий компонентин күчтөндүрүү | программасынын профилине дал келген илимий изилдөө тематикалары.<br>– Тематикалардын илимий уюмдардын сырткы эксперттери тарабынан жактырылуусу.<br>– Илимий-педагогикалык багыттагы даярдоонун магистранттарын жана докторанттарын университеттин илимий долбоорлоруна 100 % катышууга тартуу.<br>– Магистранттар жана докторанттар үчүн ИИИ боюнча адистештирилген илимий семинарлардын системасы ж.б. | ББИБ. |
| | 2.2 Магистратура жана докторантурада окугандардын үлүшүн көбөйтүү | 2024-жылга магистранттардын үлүшү жалпы студенттердин контингентинин 3 0% дандокторанттар 3% дан кем эмес | ОИБП. MPhDДБ. |
| **3.Билим берүүнү сапатын көтөрүү үчүн жоопкер-чилик жана авто-номия, тандоо эркинди-гин берүү** | 3.1 Предметтерди жана окутуучуларды студенттердин тандоосуна шарт түзүү. | Студенттердин тандоо эркиндиги калыптанат. Окутуучулар иргелет. | ОИБП. ОИД. ФД. |
| | 3.2 Ар бир структурага жоопкерчилик жана автономия берүү | Автономия аркылуу изденүү эркиндигине жетишебиз. | ОИБП. ОИД. ФД. |
| **4.Эмгек рыногу-** | 4.1 Эмгек рыногун мониторингдөө | Карьера жана бизнес борборлорунун ишин | ОИБП. АББСД. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| **нун талаптары на багыт-талуу (ориен-тация)** | жана иш берүүчүлөр менен байланыштарды жөнгө салуу боюнча карьера жана бизнес борборлорунун ишин уюштуруу. | уюштуруу;<br>Практика департаменттеринин ишин жогорулатуу. | ПД. |
| | 4.2 Иш берүүчүлөрдү окуу пландарды биргелешип иштеп чыгууга, дипломдук иштерди, магистрдик жана докторлук диссертациялар-ды коргоолорго тартуу ж.б. | Иш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын иштеп чыгууга катышуусун кеңейтүү боюнча мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү. | ОИБП. ОИД. |
| | 4.3 Университет-тин Иш берүүчү-лөр кеңешин түзүү жана анын курамында улуттук компаниялардын жана ири бизнес-ишканалардын өкүлдөрүн көбөйтүү. | – КРдин ББжИМдин алдында Иш берүүчүлөр кеңешин түзүү боюнча сунуш берүү.<br>– Ишканалардын жаш кызматкерлеринин үлүшүнө карай салыктык жеңилдиктердин өлчөмүн бекитүү боюнча сунуш киргизүү. | ОИБП. ОИД. |
| | 4.4 Студенттерди билим алуу мезгилинде ишкердикке тартуу | – ЖОЖдордун алдындагы инновациялык, өндүрүштүк ишканаларга салыктык жана башка жеңилдиктерди берүү боюнча мыйзамдык актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү сунуштарын иштеп чыгуу. | Ректор ОИБП. ОИД. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | – Университеттин структурасында өндүрүштүк ишканалардын, бизнестин ийкемдүү ишкердүүлүк структураларын түзүү.<br>– Студенттердин ишкердикке катышуусу 2024-жылга 15 % дан кем эмес. | |
| | 4.5 Иш берүүчүлөрдүн буюртмалары боюнча адистер-ди максаттуу даярдоо (мамлекеттик органдар, ишканалар, бизнес-коомчулугу, илимий уюмдар), ишберүүчү-ишканалардын санын, анын ичинде чет өлкөлүк компаниялар аркылуу келишимдерди жана макулдашуулар-ды түзүү менен көбөйтүү. | Иш берүүчүлөрдүн буюртмалары боюнча максаттуу даярдалуучу студенттердин санынын үлүшүн 10%га жеткирүү. | ОИБП. ОИД. |
| | 4.6 ЖОЖго чейинки даярдоо жана кабыл алуу борборлорунун ишин уюштуруу, ЖОЖго | "Алтын сертификаттын" ээлеринин, эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрүнүн, эл аралык студенттердин санын | ЖОЖЧ ББД. ОшМУнун гимна-зиялар |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | таланттуу жана мыкты даярдыктагы жаштарды тартуу боюнча максаттуу саясатты ишке ашыруу | үлүшүн жалпы көлөмдүн 30% на чейин көбөйтүү. Бардык аймактарда ОшМУнун "Билим" фестивалын, ОшМУнун студенттик клубдарынын, ийримдеринин, секцияларынын ярмаркаларын өткөрүү | ы. |
| **5. ОшМУда мамлекет-тик тилде жана көп тилде билим берүүнү ишке ашыруу** | Базалык негиздерди бекемдөө. Пилоттук структурадагы заманбап ыкмаларды практикалоо | Көп тилдүү билим берүүгө багытталган укуктук-ченемдик концептуалдык, идеялогиялык базаны түзүү;<br>Мамлекеттик тил боюнча сертификациялык борборлорду ачуу. | ОИБП. МТБП ОИД. ФД. |
| **6. Кыргыз Республи-касынын Коопсуз-дук Кеңеши тарабынан иштелип чыккан "Корруп-цияны демантож-доо" боюнча планын ишке ашыруу** | Коррупциялык элементтерге бөгөт коюу | Коррупцияны демонтаждоо боюнча механизмдерди иштеп чыгуу | ОИБП. СТӨБ ФД |

## II. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Классикалык университеттен - улуттук изилдөөчү университетке трансформациялоо

| Стратегиялык максаттар | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу-лар |
|---|---|---|---|
| **1.ОшМУну улуттук изилдөөчү университетке трансформация-лоо** | 1.1 Университеттик илимди каржылоо-нун көлөмүн көбөйтүүнүн заманбап жолдорун издөө;<br>а) КРдин ББжИМнин;<br>б) министрликтер жана ведомстволор аралык мекемелердин;<br>в) эл аралык уюмдардын жана фонддордун;<br>г) айрым уюмдар жана жеке компаниялар менен түзүлгөн келишимдердин ж.б. негизинде. | Конкурстук долбоорлорду жана келишимдерди даярдоо | ИИБП.<br>СБЖ.<br>ИКИМЖ. |
| | • Жергиликтүү жана чет өлкөлүк уюмдардын өкүлдөрү менен биргелешкен илимий долбоорлорду түзүү жана ишке ашыруу. | Илимий долбоорлор | ИИБП.<br>СБЖ.<br>ИКИМЖ. |
| | • Эл аралык илимий программаларга катышуу.<br>• Евробиримдик;<br>• ЕврАзЭС;<br>• ШКУ; ж.б. | Илимий долбоорлор | ИИБП.<br>СБЖ.<br>ИКИМЖ. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | 1.2 ОшМУнун инновациялык инфраструктурасын кеңейтүү<br>• Университеттин технопаркын түзүп, инфраструктурасын өнүктүрүү | Университеттин технопаркын түзүү, инфраструктурасын өнүктүрүү | ИИБП.<br>ӨЭАББП. |
| | • Жогорку илимий технологияларды изилдөө жана аларды университетке жайылтуу борборун түзүү | Жогорку илимий технологияларды изилдөө жана аларды университетке жайылтуу | |
| | • Бизнес - инновациялык борборлорун түзүү | | |
| | 1.3 Инновациялык менеджмент аймагындагы кадрларды даярдоо жана кайрадан даярдоо курстарын өткөрүү | Курстар | ИИБП. |
| | • Илимий иштерди жана тажрыйбалык-конструктордук иштерди биргеликте жүргүзүү боюнча чет элдик адистер менен келишимдерди түзүү | Келишимдер, меморандумдар | ИИБП.<br>СБЖ.<br>ИКИМЖ. |
| | • Долбоорлорду экспертизациялоону уюштуруу жана инвесторлорго, камсыздандыруу кызматтарына, өндүрүшкө, ж.б. тараптарга эксперттик | Эксперттик кызмат | ИИБП.<br>СБЖ. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | корутундуларды берүү үчүн эксперттик кызматты түзүү | | |
| | 1.4 ОшМУну дүйнөлүк илимий коомго интеграциялоо жана дүйнөнүн алдыңкы илимий-изилдөө уюмдары менен стратегиялык байланыштарды түзүү жана бекемдөө<br>• Дүйнөлүк мыкты илимий-билим берүү борборлорунун деңгээлиндеги билим берүү жана илимий ишмердүүлүктүн инфраструктурасын түзүү | Төмөнкү багыттар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн бири-бири менен байланышта болгон мекемелердин кластерлерин түзүү: биотехнология, айлана-чөйрө жана жашоо жөнүндө илимдердин кластери; химия-технологиялык илимдердин кластери; физико-техникалык илимдердин кластери; маалымат-коммуникациялык технологиялардын кластери; КРдин индустриалдык-инновациялык жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн социалдык-гуманитардык илимдердин жана технологиялардын кластери; заманбап укук жана юридикалык илимдердин кластери; | ИИБП. СБЖ. ИКИМЖ. |



ОШМУ МЕЙКИНДИКТЕРДИ БАГЫНДЫРЫП БАРАТКАН КҮЧ СЫЯКТУУ! 80 ЖЫЛ

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | инновациялык бизнестин жана экономикалык илимдердин кластери; эл аралык- укуктук мамилелердин жана дүйнөлүк экономиканын кластери ж.б. | |
| | • Алдыңкы чет өлкөлүк университеттер, илимий борборлор жана эл аралык уюмдар менен илимий-инновациялык изилдөөлөр, ойлоп табуулар тармагында өнөктөштүктү өнүктүрүү | Илимий изилдөөлөрдү жана стажировкаларды ишке ашыруу үчүн дүйнөнүн алдыңкы университеттери, илимий борборлору менен илимий-техникалык кызматташуу жөнүндө келишимдерге кол коюуга жетишүү | ИИБП. СБЖ. ИКИМЖ. |
| | • Илимий изилдөөлөрдүн жана ойлоп табуулардын жогорку деңгээлин камсыздоо жана билимдердин базасын өстүрүү жолу менен илимий изилдөөлөрдү жана билим берүү ишмердүүлүгүн эффективдүү интеграциялоо | ИИИнин перспективдүү багыттары боюнча дипломдук, квалификациялык иштерди, магистердик жана доктордук диссертацияларды аткаруу.<br>ИИИнин жыйынтыктарын окуу процессине киргизүү. | ИИБП. СБЖ. ИКИМЖ. |
| | • Рейтинги жогору Scopus, Web of Science, РИНЦ ж.б. | Университеттин окумуштууларынын импакт-факторлуу | ИИБП. СБЖ. ИКИМЖ. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | индекстелүүчү системаларда катталган эл аралык басылмаларда илимий багыттагы эмгектерди жарыкка чыгаруу жана алдыңкы эл аралык конференцияларда баяндамаларга катышуу | Scopus, Web of Science, РИНЦ ж.б. индекстелүүчү системаларда катталган эл аралык басылмаларда жарыкка чыккан илимий макала, эмгектеринин санын көбөйтүү. Алдыңкы эл аралык илимий конференцияларга активдүү катышуу | |
| **2. Илим менеджментинин системасын модернизациялоо** | 2.1 Жаш окумуштууларды колдоо<br>• ИИИлерди акы төлөөнүн негизинде аткарууга студенттерди, магистранттарды жана докторанттарды тартуу. | Акы төлөөнүн негизинде ИИИлерге катышкан студенттердин, магистранттардын жана докторанттардын санын көбөйтүү. | ИИБП. СБЖ. |
| | • Таланттуу жаш окумуштууларга дем берип кызыктыруучу системасын уюштуруу. | Жаш окумуштууларды колдоо жөнүндө Жобо | |
| | 2.2 Дисциплиналар аралык илимий байланыштарды кеңейтүү<br>• Университеттеги илимий структуралардын (институттар, илимий мектептер, борборлор) аракеттерин | Дисциплиналар аралык илимий, илимий-техникалык жана инновациялык программма, долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу | ИИБП. СБЖ. ИКИМЖ. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | дисциплиналар аралык перспективдүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө багыттоо | | |
| | • Кластерлердин алкагында дисциплиналар аралык илимий, илимий-техникалык жана инновациялык программа, долбоорлордун санын көбөйтүү | Долбоорлор | |
| | • Түрдүү республикалык, эл аралык уюмдар жана илимий борборлор менен өнөктөштүктүн алкагында аткарылуучу дисциплиналар аралык долбоорлорду ишке ашыруу | Долбоорлор | |
| **3. Илимий изилдөөлөрдүн приоритеттүү багыттарын аныктоо жана ишке ашыруу** | 3.1 Илимдин орто жана кыска мөөнөттүү приоритеттүү багыттарын аныктоо. Илимдин жана техниканын өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарына максаттуу мониторинг жүргүзүү. | Илимдин жана техниканын артыкчылыктуу багыттарын аныктоо | ИИБП. СБЖ. ИКИМЖ. |
| | 3.2 Илимий багыттагы мамлекеттик буюртмалардын | Мамлекеттик сатып алуулар боюнча конкурстарга катышуу үчүн | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | тизмеси боюнча, эл аралык техникалык кызматташтыктардын ж.б. алкагында сунуштарды жана негиздемелерди даярдоо. Аспирантура системасын өнүктүрүүнүн жолдорун издөө | сунуштар жана негиздемелер | |

## III. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Эффективдүү башкаруу жана кадрдык потенциялды өнүктүрүү

| Стратегиялык максаттар | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу лар |
|---|---|---|---|
| **1.Менеджмент-тин жаңы моделин ишке ашыруу** | 1.1. Университетти башкаруу процессин корпоративдик менеджменттин принциптерине жакындаштыруу, топ-менеджментке квалификациялык талаптарды киргизүү. | Башкаруунун инновациялык методдорун ишке ашыруу. | Ректор Ректорат |
| | 1.2. Университетти башкарууга чет өлкөлүк адистерди тартуу | Чет өлкөлүк адистерди ОшМУга ишке алуу, тажрыйба алмашуу үчүн чакыруу, чет өлкөлүк ЖОЖдор менен келишимдер | Ректор. ӨЭАББП. |
| | 1.3. Профессордук-окутуучулук курамды жана кызматкерлерди адекваттуу материалдык | Профессордук-окутуучулук курамдын жана кызматкерлердин рейтингин ишке киргизүү, | Ректор. ӨЭАББП. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | стимулдаштыруу системасын иштеп чыгуу | аттестациядан өткөрүү | |
| **2. Профессор-дук-окутуучулук курамды өнүктүрүүнүн жаңы саясаты** | 2.1. Тажрыйба алмашуу практикасын өнүктүрүү жана позитивдүү педагогикалык, методикалык ыкмаларды нускалоо (тиражирования). | Илимий-методикалык конференцияларга катышуу. КРдин жана КМШнын алдынкы ЖОЖдорунан окутуучуларды тажрыйба алмашууга чакыруу. | Ректор. ОИБП. |
| | 2.2. Профессордук –окутуучулук курамды илимий ишмердүүлүккө стимулдаштыруу | Эмгек акыны дифференциялоо. Долбоорлор боюнча гранттарды бөлүү | Ректор. ӨЭАББП. |
| | 2.3. Профессордук –окутуучулук курамды компетенттүүлүгүн эмгек рыногунун талаптарынын сферасында жогорулатуу | Семинарлар, квалификациясын жогорулатуу курстары | ОИБП. ФД. БӨИ. |
| | 2.4. Профессордук –окутуучулук курамдын тилдерди билүү даярдык-тарын жогорулатуу. Көп тилдүү билим берүүнү колдоо | Тилдик курстар. Сертификаттарды алуу. | Ректор. ФД. |
| **3. Университет-тин кадрдык резервин түзүү** | 3.1. Кадрлар боюнча базаны түзүү. Кадрдык резервге кошуу үчүн критерийлерди иштеп чыгуу | Кадрлардын резервдик базасын түзүү | Ректор. Ректорат. КБ. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 3.2. Профессордук –окутуучулук курам үчүн квалификациялык талаптардын жаңы принциптерин ишке киргизүү | Вакансиялар боюнча конкурстар | Ректор. ОИБП. |
| **4.Административдик башкаруучулук персоналдарды өнүктүрүүнүн жаңы саясаты (АБП)** | АБП үчүн жаңы квалификациялык талаптарды түзүү. Республиканын ЖОЖдорунун АБПсы үчүн квалификациясын жогорулатуу алкагында "Жогорку билим берүүнү башкаруу аймагындагы магистр" программасын ишке киргизүү | Квалификациялуу кадрларды кабыл алуу | Ректор. Ректорат. |
| **5.Профессордук-окутуучулук курамдын илимий изилдөө жүргүзүүгө жогорку деңгээлде катыштыруу** | Илимий кадрларды жаңы көндүмдөргө окутуу. Университетте кызматкерлердин ишкердүүлүк менен алектенүү активдүүлүгүнө кеңири шарттарды түзүп берүүчү режимди түзүү | Кластерлерди түзүү | ИИБП. ИАБ. |
| **6.Окутуучуларга жана кызматкерлерге ипотекалык турак жай алууга шарт түзүү** | Айлык акыларды тынымсыз изденүү менен жогорулатып, Турак-жай үчүн ипотекалык насыя алууга мүмкүнчүлүк жаратуу | Турак-жай менен камсыздоо | Ректор. ПУ. |





## IV. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – ОшМУну эл аралык билим берүүнүн жана илимдин борборуна айландыруу (билим экспорту)

| Стратегиялык максаттар | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| **1.Университеттин эл аралык байланыштарын кеңейтүү** | 1.1. Дүйнөнүн алдыңкы ЖОЖдору менен өнөктөштүк мамилелерди куруу | Келишимдерди, контракттарды жана макулдашууларды түзүү. | Ректор. ӨЭАББП. ФД. |
| | 1.2. Эл аралык тематикалык уюмдар менен иштөө, эл аралык илимий-билим берүү иш-чараларын өткөрүү | Эл аралык конгресстерди жана конференцияларды уюштуруу, өткөрүү | Ректор ЭАББ. ИИБП. ОИБП. ФД. |
| | 1.3. Бакалаврлар-ды жана магистрлерди "кош диплом" берүү менен даярдоонун эл аралык программаларын өздөштүрүү жана иштеп чыгуу | Келишимдерди, контракттарды жана макулдашууларды түзүү. Окуу пландарын шайкештирүү. | Ректор ОИБП. ОИД. ЭАББ. ФД. |
| | 1.4 Билим берүү программалардын 50% дан кем эмес үлүшүн эл аралык аккредитациядан өткөрүү | Алдыңкы рейтингдүү эл аралык аккредитациялык агенттиктерден (ACQUIN, ASIN, AQA, FIBAA ж.б.) аккредитациядан өткөзүүнү уюштуруу | Ректор АББСД. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 1.5. Студенттердин алмашуу программаларын күчөтүү жана чет өлкөлүк студенттердин үлүшүн жалпы контингенттин 20% дан кем эмеске жеткирүү | Келишимдерди, контракттарды жана макулдашууларды түзүү. ОшМУда окуган чет өлкөлүк билим алуучуларды тартуу боюнча иштерди активдештирүү. | Ректор ОИД. ЭАББ. ФД. |
| | 1.6 Академиялык мобилдүүлүк процессинде 2023-жылга PhD докторанттарды 40%га, магистранттарды – 10%га жеткирүү | Келишимдерди, контракттарды, мемарандумдарды жана макулдашууларды түзүү. Окуу пландарын шайкештирүү. | Ректор ОИБП. ОИД. ЭАББ. МРДБ. ФД. |

## V. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Билим берүү жана илим инфраструктурасын өнүктүрүү

| Стратегиялык максаттар | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| **1.ОшМУнун өнүгүү планына ылайык жаңы объекттерди куруу** | Заманбап инфраструктураны куруу:<br>• Академиялык жаштар парки<br>• 2 окуу-лабораториялык корпус<br>• 2 спорт комплекси<br>• 2 жатакана;<br>• 1 гимназия;<br>• Технопарк;<br>• Конгресс залды куруу;<br>• Заманбап китепкана куруу;<br>• Виртуалдык жана санариптик лабораторияларды куруу<br>• Өндүрүштүк ишканалар, фирмалар;<br>• Инновациялык бизнес борбор жана мейманкана<br>• Билим берүү менеджменти борбору<br>• Санариптик технологиялардын борбору | Имараттарды пайдаланууга берүү | Ректор ӨЭББП. АЧД. |
| **2.Материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана өнүктүрүү** | 2.1. Билим берүү жана илимий жабдууларды тынымсыз жаңылап туруу | Лабораториялык жана башка базаларды чыңдоо | Ректор. ӨЭАББП. АЧД. |
| | 2.2. Китепкананын фондун көбөйтүү | Китептерди, окуу куралдарын ж.б. алуу | Ректор БКД. |
| | 2.3. Университеттин жаңы инфраструктурасын түзүүдө мамлекеттик жана жеке сектордун өнөктөштүгүн өнүктүрүү | Жаңы идеяларды жаратып, жеке менчик ээлерин биргелешип иштөөгө тартуу жана максатка биргелешип аракеттенүү | |
| **3. Экологиялык жактан таза университетти түзүү** | 3.1 Окуу корпустарында жана жатаканаларда, кампустарда | Ден соолукка зыяны жок, табигый таза материалдардан куралган окуу | Ректорат. АЧД. ФД. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жашыл, экологиялык таза аймактарды түзүү<br><br>3.2 Перспективада ОшМУнун билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн дүйнөлүк деңгээлдеги заманбап кампусту салуу үчүн Кыргыз Өкмөтүнөн 50 гектар жер аянтын бөлдүрүү керек. | эмеректерине өтүү. Жашылдандыруу га, көрктөндүрүүгө, таза абага, таза сууга, туура тамактанууга, гүл бакчаларды түзүүгө, аудиторияларда жана лекциялык залдарда экологиялык бурчтарды, жашыл аймактарды түзүп, жандуу гүлдөрдү, бөлмөгө ылайык дарактарды өстүрүү | |

## VI. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Санариптик билим берүү чөйрөсүн түзүү

| Стратегиялык максаттар | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу-лар |
|---|---|---|---|
| **1.Университетте документ жүргүзүүнүн толук электрондук форматына өтүү** | 1.1 Бардык структураларда документ жүргүзүү электорндук форматка өтөт | Кайрылуулар, арыздар, өтүнүчтөр өз убагында каралат, көзөмөлдөнөт. Бир да кайрылуу жоопсуз калбайт. | Ректор. ОИБП. КБ. ФД. Бардык структуралар. |
| **2. Коопсуз университетти жаратуу** | 2.1 Университет-тин бардык окуу корпустары жана жатаканалары, аймактары жана аудиторияларына, бардык структураларга видео көзөмөл | Университетте коопсуздуктун бардык эрежелери сакталат. Эмгек тартибин сактоодо ар бир адамдын жоопкерчилиги артат. Коопсуздук боюнча көзөмөл | Ректор. ОИБП. КБ. ФД. Бардык структур-алар. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | системасы орнотулат. | күчөтүлөт | |
| **3. Санариптик технологиялар-дын өнүгүү даражасын дүйнөнүн мыкты ЖОЖдорунун деңгээлине жеткирүү** | 3.1 Университеттин электрондук кампусун түзүү | 1) Корпоративдик дата-центр:<br>– Сервердик инфраструктура-ны оптимизациялоо, маалыматтарды сактоо системасын кластердик принцип боюнчауюштуруу;<br>– Корпоративдик тармакты борборлоштуруп администрлөө;<br>– Маалыматтык коопсуздуктун корпоративдик системасы;<br>2) ситуациялык борбор:<br>– Борборлоштуру лган диспетчердик пункт менен ички жана сырткы видео байкоо системасын башкаруу;<br>– ЖОЖдун корпоративдик ИСнин негизги компоненттерине интеграцияланган, колдонууга мүмкүндүк берүүчү, башкаруучу көзөмөлдөөчү | Ректор. СТӨБ. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | система;<br>3) электрондук студенттик билетке өтүү<br>4) коридордо ачык жайгашкан печаттоо системаларын жана маалыматтык корпоративдик кызматтарды электрондук төлөө системасын уюштуруу | |
| | 3.2. Университет-тин маалыматтык технологиялык Инфраструктура сын өркүндөтүү | Жогорку өндүрүмдүүлүктөгү маалыматтык инфраструктура:<br>- окуу процессинде санариптик технологияларды кеңири колдонуу;<br>- Hi-Speed Wi-Fi тармагы бардык окуу имараттарында;<br>- Global-класс категориясындагы мультимедиялык компьютердик залдар;<br>- кино залдар;<br>- аудиторияларды видеоконференц-байланыш менен жабдуу ж.б. | Ректор. ЖТДББД. |
| **4.Университеттин ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүн** | 4.1. «ОшМУ е-университети» моделин түзүү жана өнүктүрүү | «ОшМУ е-университети» моделинин информациялык- | Ректор. ЖТДББД. ОИД. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| **башкаруучу бирдиктүү автоматташтырылган системасын түзүү** | (электрондук университет) | программалык комплекси төмөнкү системалардан турат:<br>1. ЖОЖду башкарууну автоматташтыруу системасы (административдик-башкаруучулук ишмердүүлүгү)<br>2. ЖОЖдун окуу-методикалык ишмердүүлүгүн башкаруучу маалымат-аналитикалык системасы<br>3. Окуу процессин башкаруу системасы<br>4. ЖОЖдун илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн башкаруучу системасы<br>5. Электрондук билим берүү ресурстарын башкаруучу информациялык порталы<br>6. Каржы-экономикалык боюнча башкаруу информациялык системасы ж.б. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 4.2. Маалыматтык интернет-ресурстарды башкаруу системасын өнүктүрүү | ЖОЖдун негизги маалыматтык интернет-ресурстары:<br>- ОшМУнун официалдуу сайты (www.oshsu.kg)<br>- AVNИС порталы (avn.oshsu.kg)<br>- Электрондук китепкана (ibooks.oshsu.kg)<br>- «Бүтүрүүчүлөр Ассоциациясы-нын» сайты<br>- Университеттин түрдүү структура-лык бөлүмдөрүнүн сайттары ж.б. | Ректор. ЖТДББД. УНС. |
| **5.Заманбап санариптик китепкананы түзүү** | 5.1 Китепкана-нын ишмердүү-лүгүн жана электрондук китепкананын маалыматтык тейлөөсүн автоматташты-руу, ресурстук медиа-порталды түзүү | Китепкананын ишмердүүлүгүн автоматташтыруучу система | Ректор. ЖТДББД. БК. |





## VII. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ – Адамгерчилик жана руханий тарбия, ден соолук жана спорт.

| Стратегия-лык максаттар | Милдеттер | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу-лар |
|---|---|---|---|
| **1.ОшМУ – жарандык билим берүү жана руханий патриот-тулукка тарбиялоо борбору** | 1.1 Жаштарда патриоттуулукту, жарандык жоопкерчиликти, руханий маданиятты улуттук таалим тарбияны, салттуулукту сактоо сезимдерин калыптандыруу. Жаштардын эл аралык, коомдук жана башка уюмдары менен кызматташуу.<br>• Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын пропагандалоо боюнча кеңири түшүндүрүү иштерин өткөрүү жана уюштуруу.<br>• «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын» жоболорун ишке ашыруу максатында факультеттерде жана студенттик жатаканаларда түшүндүрүү иштерин уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Жарандык жоопкерчиликти жана патриоттуулукту, улуттар аралык ынтымакты жана элдердин достугун өнүктүрүү максатында улуттук борборлордун белгилүү өкүлдөрү, эмгектин, согуштун ардагерлери, коомдук, мамлекеттик ишмерлер менен жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү. | Лекциялар, тегерек столдор, семинарлар, конференциялар, кароо-сынактар, жолугушуулар, иш-чаралар ж.б. | СТИБП. МТБП. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | • КРдин Эгемендүүлүк майрамы күнүн, Билим күнүн, Мамлекеттик тил күнүн, Мекенди коргоочулар күнүн, Энелер майрамын,КРдин Конституция күнүн, Жеңиш күнүн, КРдин мамлекеттик символикаларынын күндөрүн ж.б. арналган иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү | | |
| | 1.2 Жаштарды маданий-эстетикалык жактан тарбиялоо<br>• Илимдин жана искусствонун ишмерлери, жазуучулар менен жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Студенттердин маданий иш-чараларын, ж.б. уюштуруу.<br>• Университеттик, шаардык, республикалык жана эл аралык өздүк көркөм чыгармачылык конкурстарга катышуу. | Жолугушуулар, музей, театр ж.б. маданий борборлорго экскурсиялар, иш-чаралар, кароо-сынактар, фестивалдар жана аларга катышуулар. | СТИБП. МТБП. |
| | 1.3 Дене тарбия жана дени-сак жашоо образын калыптан-дыруу.<br>• Студенттер арасында Спартакиаларды өткөрүү<br>• «Үй-бүлө курууга карата» лекцияларды студенттер үчүн уюштуруу жана өткөрүү;<br>• СПИД, туберкулез, наркомания, алкоголизм, ж.б. көйгөйлөр боюнча атайын врач жана тиешелүү адистер менен баарлашуу, лекция, кечелерди студенттер арасында уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Шаардык жана республикалык, эл аралык спартакиадаларга катышуу | Спорттук секциялар жана клубдар, Спартакиадалар, Универсиадалар,семинар-тренинигдер, кросстор, жолугушуулар, талкуулар, ж.б. | СТИБП. МТБП. ДТК. |





| | | | |
|---|---|---|---|
| | 1.4 ОшМУнун "Системдүү коррупцияны демонтаждоо" боюнча деталдуу планына ылайык коррупциялык кылмыштарды кабыл албоо атмосферасын калыптандыруу<br>• Ички иштер орган кызматкерлеринин катышуусунда студенттик жаштардын арасында укук бузууларды профилактикалык жана эскертүү иш-чаралары<br>• Руханий-нравалык жана улуттук баалуулуктар жөнүндө илимий-документалдык фильмдерди демонстрациялоо жана лекцияларды уюштуруу<br>• «Таза сессия» акциясын уюштуруу жана өткөрүү<br>• Саясат таануучулар, коомдук ишмерлер, диний конфессиялардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен диний экстремизм жана терроризм темасында талкуу, жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү. | Лекциялар, жолугушуулар, семинарлар, фильмдер, акциялар. | СТИБП. МТБП. |
| **2.Студенттик өзүн-өзү башкаруу институтун өнүк-түрүү** | 2.1 Студенттик чыгармачылык топторду, клубдарды жана уюмдарды колдоо<br>• Болон процесси боюнча студенттик Бюросунун иши<br>• Бардык иштерде Ыктыярчылар коомун түзүү;<br>• СТСО нын иштери<br>• Шаардык, республикалык иш чараларга, акцияларга, | –Жогорку билим берүүнүн кредиттик системасында студенттердин укуктарын жана милдеттерин жөнүндө маалыматтарды таратуу.<br>–Болон Декларациясына | СТИБП. МТБП. ЖК. САА. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | конкурстарга катышуу.<br>• Университеттин жаштар уюмдары жана жаштар саясаты жөнүндө маалымат буклеттерин, брошюраларын, журналдарын басмадан чыгаруу жана таркатуу. республикалык жана чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу | ылайык жождордо билим берүүнүн прогрессивдүү методдорун киргизүүгө көмөк көрсөтүү.<br>–Конкурстар, дебаттар, фестивалдар.<br>–Жоболор, иш-чаралардын планы. иш-чаралар.<br>–Укук бузуулар боюнча профилактикалоого багытталган иш-чаралардын комплекси.<br>–Буклеттер, журналдар | |
| | 2.2 Жаштар саясаты боюнча мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлгөн долбоорлорго жана тендерлерге катышуу.<br>• Жаңы долбоорлор жана сунуштарды талкуулоо жана иштеп чыгуу.<br>• Социалдык өнөктөштүк боюнча программаларды иштеп чыгуу.<br>• ОшМУнун студенттеринин корпоративдик маданиятынын кодексин иштеп чыгуу. | Конкурстук документацияларды даярдоо | СТИБП.<br>МТБП.<br>ЖК.<br>САА. |
| **3.ОшМУнун ишмердүүлүгүн коомчулукка кеңири жеткирүү аркылуу аброюн көтөрүү.** | 3.1. Университеттин маалымат порталын модернизациялоо | ОшМУнун пресс-кызматынын маалыматтары | СТИБП.<br>МТБП.<br>ПК. |
| | 3.2. Университеттин артыкчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн, күчтүү жактарын коомчулукка жеткирүү.<br>ТВ, радио, газета, журнал, онлайн ресурстар, ютуб каналы ж.б. заманбап жолдор аркылуу | Имиджидик материалдарды чыгаруу | СТИБП.<br>МТБП.<br>ПК. |
| | 3.3. Университеттин ишин республикалык жана чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу | Ар жуманын дайджести, медиа-планга ылайык ЖМКларга жарыкка чыккан макалалар | СТИБП.<br>МТБП.<br>ПК. |



## 5. КОНЦЕПЦИЯНЫ ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ КҮТҮЛҮҮЧҮ ТОБОКЕЛЧИЛИКТЕР, ТОСКООЛДУКТАР ЖАНА АЛАРДЫ АЗАЙТУУНУН ЖОЛДОРУ.

***Тоскоолдуктарды алдын алуу үчүн:***

– сырткы чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү талдоого алуу;
– университеттин ички чөйрөсүн анализдөө;
– тобокел факторлорун аныктоо;
– тобокелди идентификациялоо жана баалоо методдорун тандоо;
– тобокелди сандык жана сапаттык жактан баалоо;
– тобокелди жөнгө салуу боюнча чечим кабыл алуу;
– тобокелге таасир этүү усулдарын жана куралдарын тандоо;
– тандаган усулдарды практика жүзүндө ишке ашыруу;
– алынган жыйынтыктарды баалоо жана зарыл учурда өнүгүү стратегиясына өзгөртүүлөрдү киргизүү (коррекциялоо).

**ОшМУнун өнүгүү концепциясын ишке ашырууда эң негизги төмөнкүдөй тобокелчиликтер болушу мүмкүн:**

| № | Тобокелчиликтердин түрлөрү | Тобокелчиликтерди азайтуу иш-аракеттери |
|---|---|---|
| 1. | Бюджеттин тартыштыгы (дефицити) | Бюджеттен сырткаркы каражаттарды, демөөрчүлөрдү тартуу, финансылык пландаштыруу |
| 2. | Убакыттын жетишпестиги (дефицити) | Туура пландаштыруу |
| 3. | Кадрлардын жетишпестиги (дефицити) | Кызматтык милдеттерди туура бөлүштүрүү |
| 4. | Квалификациянын жетишпестиги | Мотивациялоо, окутуу, сырткы консультанттарды тартуу |
| 5. | Өзүн актабаган ааламдашуу (глобализация) | Эксперттерди жана көзөмөлдөөчүлөрдү тартуу |
| 6. | Жетекчилер тарабынан колдоонун жоктугу | Жетекчилерге маалымдоо, командага кошуу |
| 7. | Ченемдик-укук актылардагы өзгөрүүлөр | Өзгөрүүлөрдү изилдөө, байкап туруу, стратегияны укуктук база менен дал келтирүүсүнө ылайык корректировкалоо |
| 8. | Командадагы келишпестиктер | Командаларды калыптандыруу боюнча тренингдер |
| 9. | Окутуучулардын тоскоолдуктары | Окутуучуларды жаңы талаптарга үйрөтүү |
| 10. | Ой жүгүртүүдөгү психологиялык тоскоолдуктар | Жаңы ойлорду жамаат мүчөлөрүнө туура жеткирүү |

**Стратегияны турмушка ашыруу туура жүргүзүлсө, ОшМУнун окутуучу-кызматкерлери өз кызматтык милдеттерин туура аткарса 2024-жылы төмөнкүдөй жыйынтыктарды берет:**

1. ОшМУ 2024-жылы дүйнөлүк университеттердин ТОП-700дүн катарына кирет;
2. Борбордук Азиядагы эң алдыңкы 3 университеттин бири болот;





3. “Санариптик технологиялардын университетине” айланат;
4. “Коопсуз университет” түзүлөт;
5. “Экологиялык университет” статусуна ээ болот;
6. Билимдин сапаты эл аралык стандарттарга дал келет;
7. “Социалдык жоопкерчилиги жогору болгон” университетке айланат;
8. Билимдин сапатын баалоочу дүйнөлүк рейтингдерге катышып, өз позициясын жогорулатат жана бекемдейт;
9. БУУнун Туруктуу өнүгүү концепциясынын 17 милдетин турмушка ашыруучу Глобалдык хабка кирет;
10. Университеттин бардык кафедраларынын өндүрүштө филиалдары болот.
11. ОшМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдору дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө бааланат. Эл аралык эмгек рыногунда ОшМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн кадыры көтөрүлөт, кош диплом берүүнүн багыттары кеңейет;
12. ОшМУга студенттердин, ата-энелердин, мамлекеттин, иш берүүчүлөрдүн, дүйнөлүк өнөктөштөрдүн ишеними артат. Инвестициялардын көлөмү 3 эсе көбөйөт;
13. ОшМУга келүүчү абитуриенттердин саны жана сапаты жогорулайт, географиясы жана масштабы кеңейет.
14. ОшМУнун бюджети азыркыдан 2 эседен ашуун көбөйөт;
15. Окутуучулардын орточо эмгек акысы азыркыдан 2 эсе көбөйөт;
16. Кызматкерлердин орточо эмгек акысы азыркыдан 2 эсе көбөйөт.

**ОШМУ МЕЙКИНДИКТЕРДИ БАГЫНДЫРЫП БАРАТКАН КУШ СЫЯКТУУ!**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик
университети**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ошский государственный
университет**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Osh State University**

**БУЙРУК № 97**

«08» 02 2019-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен (2019-жыл, 4-февраль, №4 протокол) «Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын бекитүү» деген №1 маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган чечим бекитилсин:

1. “Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясы” жактырылып бекитилсин.
2. Университеттин проректорлору, департаменттердин директорлору, факультеттердин декандары, коллеждердин директорлору, структура жетекчилери өз ишмердүүлүгүндө “Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын” жетекчиликке алышсын.
3. Университеттин проректорлору, департаменттердин директорлору, факультеттердин декандары, коллеждердин директорлору, структура жетекчилери “Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясынын” негизинде өздөрү жетектеген структуралардын өнүгүүсү боюнча перспективдүү иш пландарын түзүп бекитишсин (март, 2019-жыл).
4. “Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү концепциясын” ишке ашыруу ОшМУнун ректору, профессор К.А. Исаковго жүктөлсүн.
5. “Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын” ишке ашырууну көзөмөлдөө университеттин Окумуштуулар кеңешине тапшырылсын.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчы М.Т. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,
профессор** **К.А. Исаков**

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик
университетинин
Окумуштуулар кеңеши**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ученый совет
Ошского государственного
университета**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Academic Council of Osh State University**

Ош ш.,723500, Ленина к., 331,
тел.: (+996 3222) 22273, факс: (03222) 24066

г. Ош,723500, ул. Ленина, 331,
тел.: (+996 3222) 22273, факс: (03222) 24066

331,Lenin Street,Osh, 723500
tel.: (+996 3222) 22273, fax: (03222) 24066

**2019-жылдын 4-февралындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №4 жыйынындагы «Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын бекитүү» деген маселеге карата**

**Ч Е Ч И МИ**
**Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши талкууда берилген сунуштарды эске алып**

**ТОКТОМ кылат:**

1. "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясы" жактырылып бекитилсин.
2. Университеттин проректорлору, департаменттердин директорлору, факультеттердин декандары, коллеждердин директорлору, структура жетекчилери өз ишмердүүлүгүндө "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын" жетекчиликке алышсын.
3. Университеттин проректорлору, департаменттердин директорлору, факультеттердин декандары, коллеждердин директорлору, структура жетекчилери "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясынын" негизинде өздөрү жетектеген структуралардын өнүгүүсү боюнча перспективдүү иш пландарын түзүп бекитишсин (март, 2019-жыл).
4. "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү концепциясын" ишке ашыруу ОшМУнун ректору, профессор К.А. Исаковго жүктөлсүн.
5. "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын" ишке ашырууну көзөмөлдөө университеттин Окумуштуулар кеңешине тапшырылсын.

**Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы, профессор** **К.А. Исаков**

**Окумуштуу катчы** **М.Т. Байсубанов**